**Нарын районундагы Казаалы Абиров атындагы орто мектебинде**

**өткөн жалпы ата-энелер чогулушунун**

**№ ПРОТОКОЛУ**

28-ноябрь 2019-жыл

Чогулушка катышкандардын саны - 64

Чогулуштун жетекчилери:

К. Абиров атындагы орто мектебинин директору: С. Турузбекова

Директордун орун басары : В. Өмүрова

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. **1-чейректин жыйынтыгы**
2. **Окуучулардын предметтик олимпиадага даярдыгы**
3. **Окуучуларга берилип жаткан ысык тамак тууралуу**

**Чогулуштун жүрүшү:**

1-маселе боюнча К. Абиров орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы С. Осмонов сөз сүйлөп, 1-чейректин жыйынтыгы тууралуу маалымат берди. « 1-чейректине жыйынтыгы боюнча айтсам, билим сапаты 46 % , катыш 98%, азыр балдардын билимге болгон кызыгуусу күч, балдарга биргеликте жардам берели. Предметтик олимпиада да жакында өткөрүлөт. Окуучулар даярданууда, сиздер да даярданууга жардам бериңиздер. Буга улай мектеп директору Самара Сыртпаевна сөз алып сүйлөп төмөнкүлөргө токтолду -Быйылкы окуу жылында биздин мектеп «МЕРСИКО» уюму тарабынан ашкана оокаттары, сапаттуу азыктар алынып келип, балдарга ысык тамак берилүүдө. Меню менен таанышып, балдар ичкен тамактарды ичип көрдүңүздөр. Бул уюмдун талабы боюнча балдарга жуманын ар бир күнү ысык тамак берилиши керек экен, бөлүнгөн азыктагы эт балдардын эки күнкү тамагына жетет. Калган күндөрү да ысык тамак ичүүсү үчүн айына 50 сомдон спонсорлук кылсаңыздар. Балдардын ысык тамагына эт алуу үчүн керектелет, Көзөмөлдөө Кеңеши бул ишти көзөмөлдөп берсеңиздер.

Андан соң уюштуруучу сөз алып сүйлөдү. Азыркы учурда мите оорулар күчөп

жаткандыгына байланыштуу, Таза колдор видеосу көрсөтүлүп талкуу жүрдү.

Ата-энелер кызыктырган суроолорго да тиешелүү жооптор алынды.

## Токтом кылынды:

1. Окуучуларды сабактан калтырбай жиберип, сабакка даярдануусу ата-энелердин сабакка катышып туруусу ата-энелерге милдеттендирилсин
2. Ысык тамакка эт алуу үчүн чогултулган акчаны (50 сом) Көзөмөлчүлөр Кеңешинин төрайымы Айдыралиева Айнура, мектептин ата-энелер комитетинин төрайымы Сулайманова Нурзат көзөмөлдөп чогултуп беришсин
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Турузбекова.С

Катчы: Жунусова,А